**" Жангым келет"**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Карымов Айбек Үсөнович

Көздөрүңө чөккүм келет,

Эриниңен өпкүм келет.

Шыбырап кулагыңа,

Сүйүүмдү төккүм келет.

Сен менен баскым келет,

Жан дүйнөм ачкым келет.

Жакшы адам сапаттарын,

Бүт сенден тапкым келет.

Сырымды айткым келет,

Сырдашып кайткым келет.

Махаббат жыргалына,

Сен менен баткым келет.

Жаныңа баргым келет,

Шам болуп жангым келет.

От чачкан карегиңде,

Түбөлүк калгым келет.